*Акматов Б.Ж.*

# ЭФИ ТҮЗҮЛҮШТӨ ӨНДҮРҮЛГӨН ЖЫЛУУЛУК ЭНЕРГИЯСЫНЫН ЧОҢДУГУ ИОНДОШТУРУЛУУЧУ СУЮКТУКТУН ТЕМПЕРАТУРАСЫНАН КӨЗ КАРАНДЫ

*Акматов Б.Ж.*

# ВЕЛИЧИНА ПРОИЗВЕДЕННОЙ ТЕПЛОВОЙ ЭНЕРГИИ В УСТАНОВКЕ ЭЛЕКТРОФИЗИЧЕСКОЙ ИОНИЗАЦИИ ЗАВИСИТ ОТ ТЕМПЕРАТУРЫ ИОНИЗИРОВАННОЙ ЖИДКОСТИ

*B.J. Akmatov*

# THE SIZE OF PRODUCTION OF THERMAL ENERGY IN SETTING OF THE ELECTROPHYSICS IONIZING (EPI) DEPENDS ON THE TEMPERATURE OF THE IONIZED LIQUID

*УДК: 621.313.322.*

*Суюктукту ЭФИ түзүлүштө иондоштуруу аркылуу жылуулук энергиясынын өндүрүлгөн чоңдугу иондоштурулуучу суюктуктун температурасынын өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөрөрү жөнүндө.*

***Негизги сөздөр:*** *электрофизикалык иондоштуруу, жылуулук, түзүлүш, суюктук, температура.*

*Изменение величины произведенной тепловой энергии через ионизацию жидкости в установке ЭФИ связано с изменением температуры ионизируемой жидкости.*

***Ключевые слова:*** *электрофизическая ионизация, теплота, установка, жидкость, температура.*

*The change of size of the produced thermal energy through ionizing of liquid in setting of the electrophysics ionizing is related to the change of temperature of the ionized liquid.*

***Key words:*** *electrophysics ionization, heat, setting, liquid, temperature.*

Жылытуу тармагында негизги параметрлердин бири катары температура эсептелет. Жылуулук берүүчү булактан жылуулукту керектөөчүгө чейин жоготуу берилген жылуулуктун 10% бөлүгүнөн ашпашы керек (техникалык талап). Практикада жылуулук алып жүрүүчүнүн (суу колдонгондо) температурасы 150$^0$C жогору болбошу талап кылынат, суунун бары болгондо анын температурасы 130$^0$C ашпайт.

Жылытуу тармактарында колдонулуп жүргөндөй жашоочу үйлөр үчүн жылуулук алып жүрүүчүнүн температурасы 95$^0$C жогору болбошу талапка ылайыктуу (бир трубалуу жылытуу тармактарында температура 105$^0$C чейин уруксат берилет), ал эми жылуу пол тармактарында 55$^0$C жогору болбошу талапка ылайык.

Кийинки убактарда эки түрдүү суулук жылытуучу системалар пайдаланууда: орто температуралык жана төмөнкү температуралык. Орто температуралык жылытуу системасында жылуулук алып жүрүүчү 95$^0$C чейин ысытылат. Төмөнкү температуралыкта 70$^0$C (орточосу 50$^0$C-55$^0$C) чоң болбойт, берилген жана кайра келген жылуулук алып жүрүүчүнүн температураларынын айырмасы 14$^0$C (Сунушталганы $t_r/t_0$ – 55/45, 50/40, 45/35, 40/30°C мында, $t_r$ – жылытуучу контурга киргендеги температура; $t_0$ – жылытуучу контурдан чыккандагы температура. Негизинен жөнөтүлгөндөгү температура 55°C ашпашы талапка ылайыктуу, ал эми кайтып келгендеги температура 10°C төмөн болушу максаттуу (оптималдуусу 5°C - полдук жылытууда)) ашпагандай болушу зарыл [1,2]. Бирок бөлмөнүн комфорт температурасы 40$^0$C-60$^0$C экендигин белгилейбиз.

Суулук жылытуучу системаларда талап кылынган температураны ар дайым кармоо чоң энергияны талап кылат. Анын натыйжасында күйүүчү отундун баалары жогорулап, ал эми электр энергиясына болгон муктаждыктан бул тармакта көптөгөн көйгөйлөр тез-тез жаралып турат. Айрым учурда олуттуу жагымсыз шарттар жаралып аталган тармакка чоң зыян алып келген учурлар орун алууда. Аталган кемчиликтерди жоюу жана комфортавелдик температураны (40$^0$C -60$^0$C) туруктуу кармоо максатында жылуулук энергиясынын жаңы булагын – ЭФИ негизинде суюктуктан эффективдүү жылуулук энергиясын иштеп чыгуучу түзүлүштү [3] колдонуу жана анын өзгөчөлүгүн пайдалануу учурдун талабы. Сунушталган түзүлүштө жылуулук энергиясын эффективдүү өнүрүү максатында жылуулук алып жүрүүчү затка – ар түрдүү температурадагы сууга атайын эксперименттер жүргүзүлдү. Эксперименттен алынган натыйжалар №1- жана №2- таблицага киргизилген. Эксперименттен алынган маалыматтар тастыктап тургандай чыңалуунун чоңоюшуна караганда электрофизикалык иондоштурулуучу суюктуктун температурасы жогорулаганда ЭФИ түзүлүштө өндүрүлгөн жылуулук энергиясынын чоңдугу жогору экендиги аныкталды. Ал эми иондоштурулуучу суюктуктун (суунун) температурасы 60$^0$C жогору болгондо аталган түзүлүштө өндүрүлгөн жылуулук энергиясынын чоңдугу тескерисинче төмөндөй баштайт. Бул алынган натыйжа 1-сүрөттө график түрүндө берилди. ЭФИ түзүлүштө иондоштурулган суюктуктун (суунун) температурасынын убакыт ичинде өсүүсү 2-сүрөттө график түрүндө берилди. Мындагы маалымат боюнча алганда суюктуктун температурасын 1$^0$C жогорулатууга керектелинген чыңалуу жана убакыт боюнча караганда №1-таблицада 157 В учурунда эң кыска убакыт 10,3 секунда, ал эми №2-таблица боюнча 215. В учурунда 3,47 секунда эң кыска убакыт деп эсептелинет.

№1- таблица

| к\№ | Суюктук. темпер. $t_1^0 C$ / Физ. параметрлери | $32^0$ С ($22^0$С-$42^0$С) | $52^0$С ($42^0$С-$62^0$С) | $11^0$С ($2^0$С-$20^0$С) | $30^0$С ($20^0$С-$40^0$С) | $50^0$С ($40^0$С-$60^0$С) | $70^0$С ($60^0$С-$80^0$С) | $31^0$С ($21^0$С-$41^0$С) | $49^0$С ($41^0$С-$57^0$С) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 1 | U (В) | 157,0 | 157,0 | 157,0 | 157,0 | 157,0 | 157,0 | 210,2 | 210,2 |
| 2 | 1 с иондошкон суунун көлөмү $V_0$ (м$^3$) | $0{,}864\times 10^{-6}$ | $0{,}864\times 10^{-6}$ | $2\times0{,}864\times 10^{-6}$ | $4\times0{,}864 \times 10^{-6}$ | $4\times0{,}864\times 10^{-6}$ | $4\times0{,}864\times 10^{-6}$ | $4\times0{,}864\times 10^{-6}$ | $4\times0{,}864 \times10^{-6}$ |
| 3 | 1 сек. өндүрүл-гөн жылуулук энергиянын чондугу (Дж) | 563,13 | 740,088 | 1260 | 2200,87 | 2446,6 | 2126,58 | 3475,86 | 3992,08 |
| 4 | Ысытылуучу суу-нун темпер-н $1^0$С жогор. керек. убакыт (сек.) | 44,75 | 34,05 | 22,2(2) | 11,45 | 10,3 | 11,85 | 7,25 | 6,3125 |
| 5 | $Q/\tau$ (Дж/с) | 563,13 | 740,088 | 1260/2= 630,0 | 2200,87/4 = 550,218 | 2446,6/4 = 611,6 | 2126,58/ 4 = 531,645 | 868,965×4= 3475,86 | 998,02×4= 3992,08 |
| 6 | $Q_0$ (Дж) | 116,12 | 188,6976 | 39,9168 | 108,864 | 184,44 | 254,016 | 112,493 | 177,81 |
| 7 | $Q_{эфи} = Q - Q_0$ Дж) | 447,01 | 551,390 | 590,083 | 441,354 | 427,16 | 277,629 | 756,473 | 820,21 |
| 8 | ΔT (K) | 160,094 | 197,478 | 211,336 | 158,0690 | 152,9855 | 99,43162 | 270,92753 | 293,7546 |
| 9 | ΔU= $Q_{1эфи}$ (Дж) | 255,43 | 315,080 | 337,190 | 252,2023 | 244,0914 | 158,6414 | 432,270291 | 468,691499 |
| 10 | Eк= $Q_{2эфи}$ (Дж) | 95,787 | 118,155 | 126,446 | 94,57586 | 91,57586 | 59,49192 | 162,101359 | 175,759252 |
| 11 | $Q_{1эфи} + Q_{2эфи}$ Дж) | 351,22 | 433,235 | 463,636 | 346,7781 | 335,6257 | 218,1370 | 594,37165 | 644,450751 |
| 12 =7 | $Q_{эфи} = Q_{1эфи}$ +2 × $Q_{2эфи}$ (Дж) | 447,007 | 551,390 | 590,083 | 441,354 | 427,2015 | 277,6289 | 756,473009 | 820,210003 |

№2- таблица

| к\№ | Суюктук. темпер. $t_1^0 C$ / Физ. параметрлери | $31^0$ С ($22^0$С -$40^0$С) | $31^0$ С ($21^0$С- $41^0$С) | $49{,}5^0$ С ($41^0$С- $58^0$С) | $50^0$ С ($41^0$С- $59^0$С) | $31^0$ С ($21^0$С- $41^0$С) | $51^0$ С ($41^0$С- $50^0$С) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 1 | U (В) | 212,0 | 215,0 | 215,0 | 215,0 | 215,0 | 215,0 |
| 2 | 1сек. ЭФИ ыкмада иондошкон суунун көлөмү $V_0$ (м$^3$) | $5\times0{,}864\times10^{-6}$ | $5\times0{,}864\times10^{-6}$ | $5\times0{,}864\times10^{-6}$ | $6\times0{,}864\times10^{-6}$ | $7\times0{,}864\times10^{-6}$ | $7\times0{,}864\times10^{-6}$ |
| 3 | 1 сек. өндүрүлгөн жылуулук энергия (Дж) | 4123,63636 | 3370,484 | 6210,449 | 5079,161 | 3332,04 | 4223,85 |
| 4 | Ысытылуучу суунун темпер-н $1^0$С жогор. керек. убакыт (сек.) | 6,1(1) | 5,7 | 3,47 | 4,1(1) | 5,75 | 4,7(7) |
| 5 | $Q/\tau$ (Дж/с) | 824,73×5= 4123,636 | 674,1×5= 3370,484 | 1242,09×5= 6210,449 | 846,527×6= 5079,161 | 476,0058×7=3 332,04 | 603,41×7= 4223,85 |
| 6 | $Q_0$ (Дж) | 112,493 | 112,4928 | 179,6256 | 181,44 | 112,4928 | 185,0688 |
| 7 | $Q_0$ (Дж) | 712,2345 | 561,6072 | 1062,4644 | 665,087 | 363,513 | 418,3412 |
| 8 | $Q_{эфи} = Q - Q_0$ Дж) | 255,08 | 201,137 | 380,517 | 238,198 | 130,19 | 149,827× |
| 9 | ΔT (K) | 406,99115 | 320,918405 | 607,122522 | 380,049719 | 207,721717 | 239,052117 |
| 10 | ΔU= $Q_{1эфи}$ (Дж) | 152,62168 | 120,344402 | 227,670946 | 142,518645 | 77,895644 | 89,6445439 |
| 11 | Eк= $Q_{2эфи}$ (Дж) | 559,61283 | 441,262807 | 834,793468 | 522,568364 | 285,617361 | 328,696661 |




**1-сүрөт.** ЭФИ ыкмада өндүрүлгөн жылуулук энергиянын температурадан көз карандылыгы




**2-сүрөт.** ЭФИ ыкмада иондоштурууда температуранын убакыттан көз карандылыгы.

ЭФИ түзүлүштө иондоштурулган суюктуктун (суунун) температурасынын убакыт ичинде өсүүсү 2-сүрөттө график түрүндө берилди. Мындагы маалымат боюнча алганда суюктуктун температурасын $1^0C$ жогорулатууга керектелинген чыңалуу жана убакыт боюнча караганда №1- таблицада 157 В учурунда эң кыска убакыт 10,3 секунда, ал эми №2- таблица боюнча 215 В учурунда 3,47 секунда эң кыска убакыт деп эсептелинет. Демек, ЭФИ түзүлүштө жылуулук энергиясын өндүрүүнүн чоңдугу иондоштурулуучу суюктуктун температурасынан да көз каранды экендиги экспериментте далилденүүдө. ЭФИ түзүлүшкө берилген иондоштуруучу чыңалуу туруктуу кезинде да аталган түзүлүштө температураны өзгөртүү аркылуу максимумдук чоңдуктагы жылуулук энергиясын өндүрүүгө болоруна эксперименттик көрсөткүчтөр ишендирет.

*№3- таблица*

| Тем-пература | Каныккан буунун басымы | Тыгыз-дык | Салыштырма энтальпия | | Жылуулук сыйымдуулук | | Көлөмдүк жылуулук сыйымдуулук | Динамикалык илешкектүүлүк коэффициент |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $^0C$ | Па | кг/м$^3$ | кДж/кг | кКал/кг | кДж/ (кг×$^0$С) | кКал/ (кг×$^0$С) | Дж/ (кг×$^0$С(=К)) | кг/(м×с) |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 0.00 | 611 | 999.82 | 0.06 | 0.01 | 4.217 | 1.007 | 4216.10 | 0.001792 |
| 1.00 | 657 | 999.89 | 4.28 | 1.02 | 4.213 | 1.006 | 4213.03 | 0.001731 |
| 2.00 | 705 | 999.94 | 8.49 | 2.03 | 4.210 | 1.006 | 4210.12 | 0.001674 |
| 3.00 | 757 | 999.98 | 12.70 | 3.03 | 4.207 | 1.005 | 4207.36 | 0.001620 |
| 4.00 | 813 | 1000.00 | 16.90 | 4.04 | 4.205 | 1.004 | 4204.74 | 0.001569 |
| 5.00 | 872 | 1000.0 | 21.11 | 5.04 | 4.202 | 1.004 | 4202.26 | 0.001520 |
| 6.00 | 935 | 999.99 | 25.31 | 6.04 | 4.200 | 1.003 | 4199.89 | 0.001473 |
| 7.00 | 1001 | 999.96 | 29.51 | 7.05 | 4.198 | 1.003 | 4197.63 | 0.001429 |
| 8.00 | 1072 | 999.91 | 33.70 | 8.05 | 4.196 | 1.002 | 4195.47 | 0.001386 |
| 9.00 | 1147 | 999.85 | 37.90 | 9.05 | 4.194 | 1.002 | 4193.40 | 0.001346 |
| 10.00 | 1227 | 999.77 | 42.09 | 10.05 | 4.192 | 1.001 | 4191.42 | 0.001308 |
| 11.00 | 1312 | 999.68 | 46.28 | 11.05 | 4.191 | 1.001 | 4189.51 | 0.001271 |
| 12.00 | 1402 | 999.58 | 50.47 | 12.06 | 4.189 | 1.001 | 4187.67 | 0.001236 |
| 13.00 | 1497 | 999.46 | 54.66 | 13.06 | 4.188 | 1.000 | 4185.89 | 0.001202 |
| 14.00 | 1597 | 999.33 | 58.85 | 14.06 | 4.187 | 1.000 | 4184.16 | 0.001170 |
| 15.00 | 1704 | 999.19 | 63.04 | 15.06 | 4.186 | 1.000 | 4182.49 | 0.001139 |
| 16.00 | 1817 | 999.03 | 67.22 | 16.06 | 4.185 | 1.000 | 4180.86 | 0.001109 |
| 17.00 | 1936 | 998.86 | 71.41 | 17.06 | 4.184 | 0.999 | 4179.27 | 0.001081 |
| 18.00 | 2063 | 998.68 | 75.59 | 18.05 | 4.183 | 0.999 | 4177.72 | 0.001054 |
| 19.00 | 2196 | 998.49 | 79.77 | 19.05 | 4.182 | 0.999 | 4176.20 | 0.001028 |
| 20.00 | 2337 | 998.29 | 83.95 | 20.05 | 4.182 | 0.999 | 4174.70 | 0.001003 |
| 21.00 | 2486 | 998.08 | 88.14 | 21.05 | 4.181 | 0.999 | 4173.23 | 0.000979 |
| 22.00 | 2642 | 998.86 | 92.32 | 22.05 | 4.181 | 0.999 | 4171.78 | 0.000955 |
| 23.00 | 2808 | 997.62 | 96.50 | 23.05 | 4.180 | 0.998 | 4170.34 | 0.000933 |
| 24.00 | 2982 | 997.38 | 100.68 | 24.05 | 4.180 | 0.998 | 4168.92 | 0.000911 |
| 25.00 | 3166 | 997.13 | 104.86 | 25.04 | 4.180 | 0.998 | 4167.51 | 0.000891 |
| 26.00 | 3360 | 996.86 | 109.04 | 26.04 | 4.179 | 0.998 | 4166.11 | 0.000871 |
| 27.00 | 3564 | 996.59 | 113.22 | 27.04 | 4.179 | 0.998 | 4164.71 | 0.000852 |
| 28.00 | 3779 | 996.31 | 117.39 | 28.04 | 4.179 | 0.998 | 4163.31 | 0.000833 |
| 29.00 | 4004 | 996.02 | 121.57 | 29.04 | 4.179 | 0.998 | 4161.92 | 0.000815 |
| 30.00 | 4242 | 995.71 | 125.75 | 30.04 | 4.178 | 0.998 | 4160.53 | 0.000798 |
| 31.00 | 4491 | 995.41 | 129.93 | 31.03 | 4.178 | 0.998 | 4159.13 | 0.000781 |
| 32.00 | 4754 | 995.09 | 134.11 | 32.03 | 4.178 | 0.998 | 4157.73 | 0.000765 |
| 33.00 | 5029 | 994.76 | 138.29 | 33.03. | 4.178 | 0.998 | 4156.33 | 0.000749 |
| 34.00 | 5318 | 994.43 | 142.47 | 34.03 | 4.178 | 0.998 | 4154.92 | 0.000734 |
| 35.00 | 5622 | 994.08 | 146.64 | 35.03 | 4.178 | 0.998 | 4153.51 | 0.000720 |
| 36.00 | 5940 | 993.73 | 150.82 | 36.02 | 4.178 | 0.998 | 4152.08 | 0.000705 |
| 37.00 | 6274 | 993.37 | 55.00 | 37.02 | 4.178 | 0.998 | 4150.65 | 0.000692 |
| 38.00 | 6624 | 993.00 | 159.18 | 38.02 | 4.178 | 0.998 | 4149.20 | 0.000678 |
| 39.00 | 6991 | 992.63 | 163.36 | 39.02 | 4.179 | 0.998 | 4147.74 | 0.000666 |
| 40.00 | 7375 | 992.25 | 167.54 | 40.02 | 4.179 | 0.998 | 4146.28 | 0.000653 |
| 41.00 | 7777 | 991.86 | 171.71 | 41.01 | 4.179 | 0.998 | 4144.80 | 0.000641 |
| 42.00 | 8198 | 991.46 | 175.89 | 42.01 | 4.179 | 0.998 | 4143.30 | 0.000629 |
| 43.00 | 8639 | 991.05 | 180.07 | 43.01 | 4.179 | 0.998 | 4141.80 | 0.000618 |
| 44.00 | 9100 | 990.64 | 184.25 | 44.01 | 4.179 | 0.998 | 4140.28 | 0.000607 |
| 45.00 | 9582 | 990.22 | 188.43 | 45.01 | 4.180 | 0.998 | 4138.75 | 0.000596 |
| 46.00 | 10085 | 989.80 | 192.61 | 46.00 | 4.180 | 0.998 | 4137.20 | 0.000586 |
| 47.00 | 10612 | 989.36 | 196.79 | 47.00 | 4.180 | 0.998 | 4135.64 | 0.000576 |
| 48.00 | 11161 | 988.92 | 200.97 | 48.00 | 4.180 | 0.998 | 4134.06 | 0.000566 |
| 49.00 | 11735 | 988.47 | 205.15 | 49.00 | 4.181 | 0.999 | 4132.47 | 0.000556 |
| 50.00 | 12335 | 988.02 | 209.33 | 50.00 | 4.181 | 0.999 | 4130.87 | 0.000547 |
| 51.00 | 12960 | 987.56 | 213.51 | 51.00 | 4.181 | 0.999 | 4129.25 | 0.000538 |
| 52.00 | 13612 | 987.09 | 217.69 | 52.00 | 4.182 | 0.999 | 4127.61 | 0.000529 |
| 53.00 | 14292 | 986.62 | 221.88 | 52.99 | 4.182 | 0.999 | 4125.97 | 0.000521 |
| 54.00 | 15001 | 986.14 | 226.06 | 53.99 | 4.182 | 0.999 | 4124.30 | 0.000512 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 55.00 | 15740 | 985.65 | 230.24 | 54.99 | 4.183 | 0.999 | 4122.63 | 0.000504 |
| 56.00 | 16510 | 985.16 | 234.42 | 55.99 | 4.183 | 0.999 | 4120.94 | 0.000496 |
| 57.00 | 17312 | 984.66 | 238.61 | 56.99 | 4.183 | 0.999 | 4119.24 | 0.000489 |
| 58.00 | 18146 | 984.16 | 242.79 | 57.99 | 4.184 | 0.999 | 4117.52 | 0.000481 |
| 59.00 | 19015 | 983.64 | 246.97 | 58.99 | 4.184 | 0.999 | 4115.79 | 0.000474 |
| 60.00 | 19919 | 983.13 | 251.16 | 59.99 | 4.185 | 0.999 | 4114.05 | 0.000467 |
| 80.00 | 47359 | 971.60 | 334.96 | 80.00 | 4.196 | 1.002 | 4077.20 | 0.000355 |

Эксперименттен алынган маалымат боюнча иондоштурулган суюктуктун температурасы $40^0$С-$60^0$С чейинки интервалда өндүрүлгөн жылуулук энергиясынын чоңдугу жогорку чектеги өндүрүү катары, ал эми андан жогорку ($80^0$С чейинки) температураларда өндүрүлгөн жылуулук энергиясынын чоңдугу төмөнкү чектеги өндүрүү болуп белгиленерин суунун дагы бир өзгөчөлүгү деп кабыл алууга болот. ЭФИ ыкмада өндүрүлгөн жылуулук энергиясынын чоңдугунун мындай болушунун себеби №3-таблицадагы көрсөткүчтөр [4] боюнча түшүндүрүлөт.

Эксперименттен алынган натыйжага түшүнү өтө деле татаалдыкты жаратпайт. Негизинен алганда төмөнкү температурада суунун тыгыздыгы жогору, ошондуктан мындай шартта бир аз болсо да көбүрөөк жылуулук бөлүнүп чыгат. Бирок температуранын бул интервалында сунушталган түзүлүштө жылуулук энергиясын өндүрүү максимумдук чекте болбойт (U, I, S, d ж.б.у.с. параметрлер туруктуу болгон шартта). Ошондой болсо да белгилүү бир температура үчүн максимумдук шартты аныктоого болот (U, I, S, d (эки электроддун арасындагы аралык) – параметрлерин аныктап чыгуу аркылуу).

ЭФИ ыкмада суюктуктан жылуулук энергиясын өндүрүүгө температуранын таасири абдан чоң. Бир фазду 220 В электр энергия булагы пайдаланылганда эң жакшы жылуулук энергия өндүрүлүүчү температуранын интервалы $40^0$С-$60^0$С экендигин эксперименттик көрсөткүчтөр далилдөөдө. Ал эми $60^0$С ($65^0$С) дан жогорку температурада ЭФИ ыкмада жылуулук энергиясын өндүрүүнүн чоңдугу азаят. Мындай болушунун себеби катары ошол температурада ЭФИ ыкмадагы кычкылдануу (иондорго, атомдорго, молекулаларга, өтө майда бөлүкчөлөргө ж.б.у.с. бөлүнүү) процесси байкалат, ошол эле учурда калыбына келүү процесси аткарылгандыктан бөлүнгөн бөлүкчөлөргө караганда биригүү (топтолуу) басымдуу болгондугунун натыйжасында кыймылдын санынын чоңдугу азайган деп айта алабыз анткени жылуулук энергиясынын чоңдугу кыймылга байланыштуу болорун кинетикалык физиканын закондору растайт.

Эксперименттик көрсөткүчтөр далилдеп тургандай $80^0$С жакынкы температурада ЭФИ ыкмада иондоштурулган суюктуктун көптөгөн бөлүкчөлөргө бөлүнгөнүнө караганда, бириккен бөлүкчөлөрдүн саны көп болгондугуна ишенебиз. Мындай болушунун себеби катары жогорку температурадагы суюктуктун (суунун) молекулаларынын кыймылынын ылдамдыгы бөлүнгөн бөлүкчөлөрдүн биригүүсүнө таасирдүү болорун байкайбыз. Температуранын башка интервалындагы суюктуктун (суунун) молекулаларынын кыймылынын ылдамдыгы бөлүнгөн бөлүкчөлөрдүн биригүүсүнө чоң таасир этпегендигине сунушталган түзүлүштө эффективдүү жылуулук энергиясы өндүрүлгөндүгү далил боло алат.

Ушул убакка чейин жылытуу тармактарында пайдаланылган электр жылыткычтарда (ТЭН, ВИН, ЭОУ ж.б.у.с.) жылуулук энергиясы Джоуль-Ленц законунда алынгандыгы белгилүү. Ошондуктан суунун жогоруда белгиленген жаңы касиеттери ушул убакка чейин жылытуу тармактарында пайдаланылбаган (суунун аталган касиеттери белгисиз болгон). Суудан эффективдүү жылуулук энергиясын өндүрүүнүн аталган ыкмасын жылытуу тармактарында пайдалануу экологиялык жана экономикалык көйгөйлөрдүн келип чыгышынын деңгээлин төмөндөтөт.

Жогорудагылардын негизинде алынган

**ТЫЯНАК**

1. Суюктуктан (суудан) ЭФИ ыкмада өндүрүлгөн жылуулук энергиясынын чоңдугуна, ошол иондоштурулуучу суюктуктун (суунун) температурасынын таасири олуттуу.
2. Иондоштурулуучу суюктан (суудан) жылуулук энергиясы эффективдүү өндүрүлүүчү температураны аныктап алуунун зарылчылыгы бар, анткени ошол чекитте ЭФИ түзүлүшкө иондоштуруу үчүн берилген электр энергияга салыштырмалуу көп жылуулук энергиясын өндүрүүгө болот (эксперименттик көрсөткүчтөрдүн негизинде 2,4 эседен 6 эсеге чейин (бул көрсөткүч чек эмес)).
3. Суулук жылытуу тармактарында суунун ЭФИ ыкмада аныкталган жаңы касиеттерин пайдалануу электр энергиясын чоң өлчөмдө экономдойт.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Андреевский А. К. Отопление. – Минск: Выш. Школа, 1982. –364 с.
2. Белоусов В.В. Отопление и вентиляция, ч.1 Отопление. – М.: Изд-во литературы по строительству, 1967. – 280 с.
3. Акматов Б.Ж., Ташполотов Ы. Электрофизикалык иондоштуруунун негизинде суюктуктан жылуулук энергиясын натыйжалуу иштеп чыгуучу түзүлүш // Кыргызпатент. 2016. Бюл. №2 (F бөлүгү, 24Н 1/20).
4. Свойства воды ($H_2O$) при температурах от 0 до $100^0$С при атмосферном давлении =1,013 бар. Плотность. Давление насышенных паров (=saturation vapor pressure). Удельная энтальпия (=specific enthalpy). Теплоемкость (=specific heat). Объемная теплоемкость (=volume heat capacity). Динамическая вязкость (=dynamic viscosity). http://www.dpva.info/Guide/ Guide Medias/ Guide Water/ Guide Water 1bar 0 to 100 deg/


**Рецензент: к.и.н. Пакирдинов Р.**